КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

БУЙРУК

ПРИКАЗ

№ 532/1 2018 жылдын «02» майы

**Билим берүүнүн жалпы билим берүү программалары боюнча "Алтын тамга" жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташкан тест түрүндө өткөрүү жөнүндө**

Билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулардын "Алтын тамга" жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташкан тест түрүндө өткөрүү максатында, **буйрук кылам:**

1. Билим берүүнүн жалпы билим берүү программалары боюнча "Алтын тамга" жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташкан тесттер түрүндө өткөрүү жөнүндөгү Жобо, Республикалык усулдук комиссиянын курамы, тест жүргүзүүгө сарпталуучу каражаттын сметасы жана талапкерлердин тизмесин түзүүнүн формасы 1, 2, 3, 4-тиркемелерге ылайык бекитилсин.
2. Улуттук тест жүргүзүү борбору XI класстын бүтүрүүчүлөрүн, "Алтын тамга" артыкчылык аттестатына ээ болуучу талапкерлерди эне тили жана адабияты (кыргыз тили жана кыргыз адабияты, орус тили жана орус адабияты, өзбек тили жана өзбек адабияты), алгебра жана анализдин башталышы, Кыргызстандын тарыхы, химия, мамлекеттик (кыргыз) жана расмий (орус) тили сабактары боюнча тест сынагынан өткөрсүн.
3. Бирдиктүү тест сынагын республика боюнча 2018-жылдын 18-майында өткөрүү белгиленсин.
4. 2018-жылдын 17-майы - республиканын тийиштүү аймактарынын жана шаарларынын жалпы билим берүү уюмдарындагы тест өткөрүү пункттарында даярдык көрүү күнү деп жарыялансын.
5. Бишкек шаардык мэриясына караштуу Билим берүү башкармалыгынын, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын, жеке менчик түрүнө

карабай бардык райондук /шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине:

- XI класстын бүтүрүүчүлөрүнүн артыкчылык аттестат алууга талапкерлеринин тизмеси Улуттук тест жүргүзүү борборуна 2018-жылдын 14 -майына чейин 0(312) 66-37-52 факс аркылуу же e-mail: office@ntc.kg электрондук дарегине №4 тиркемеге ылайык жөнөтүлсүн.
- Тест жүргүзүү пункттары Улуттук тест жүргүзүү борбору менен макулдашуунун негизинде аныкталсын. Тест жүргүзүү үчүн мектеп имаратында 50дөн 80ге чейинки окуучуну камтый турган (жыйын же спорт залдары, ашкана же рекреациялар) 1 же 2 тест өткөрүү пункту жана ар бир окуучу-талапкерге жеке орундар даярдалсын. Байланыш телефондору 0(312) 66-22-63, 66 46 05.
- Тест өткөрүү пункттарында өрткө каршы коопсуздук жана санитардык-гигиеналык шарттар (бөлмөлөрдү жарыктандыруу, желдетүү ж.б.) түзүлсүн.
- Тест өтүп жаткан мезгилде окуучу-талапкерлердин өмүрүнүн жана ден-соолугунун коопсуздугун камсыздоого багытталган: медициналык бөлмө жана медициналык кызматкерлердин кезеги, коопсуздук кызматынын 2 ден кем эмес өкүлдөрүнүн болуусу камсыздалып, балдардын жолдо жүрүү коопсуздугу көзөмөлдөнсүн.
- Окуучу-талапкерлердин тамактануусун, жайгашуусун, унаа каражаттарын, аларды тест өткөрүү пунктуна чейин жана кайра жеткирүүнү уюштуруу иштери жеке жоопкерчилик менен милдеттендирилсин.
- 2017-2018-окуу жылында жалпы орто билими жөнүндөгү «Алтын тамга» артыкчылык аттестатын алууга талапкерлер жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) тест өткөрүү жөнүндөгү Жобо менен тааныштырылсын. Жалпы билим берүү уюмдарында тест жүргүзүү боюнча (тест жүргүзүү жөнүндөгү Жобо, тест менен иштөөнүн эрежелери ж.б.у.с.) маалымат такталары жасалгалансын.
- Апелляция менен кайрылган талапкерлердин тизмеси (бүтүрүүчүнүн аты-жөнү, каттоо номери) 2017-жылдын 23-майына чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин техникалык апелляциялык комиссиясына 0(312) 66-37-52 (факс аркылуу) же e-mail: office@ntc.kg электрондук дарегине жөнөтүлсүн.

6. Бюджеттик саясат жана финансылык анализ жана инвестициялар башкармалыгы (М. Баймурзаев), Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмү (Б. Мураталиева), «Алтын тамга» артыкчылык аттестатын алууга талапкерлерди тесттен өткөрүүгө сарпталуучу чыгымдарды бекитилген сметага ылайык каржылоону камсыз кылышсын.

7. Мектепке чейинки, мектепте жана мектептен тышкары билим берүү башкармалыгына (М. Усеналиев) жана Улуттук тест жүргүзүү борборуна (А. Бакиров) тест жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча маалыматты акыркы тест өткөн күндөн кийин беш күндүк мөөнөттө райондук/шаардык билим берүү органдарына жеткирүү милдеттендирилсин.
8. Ушул буйрукту жана буйрукка тиркемелерди жарыялоо «Кутбилим» гезитине (К. Чекиров) милдеттендирилсин.
9. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн жалпы билим берүү программалары боюнча "Алтын тамга" жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташкан тесттер түрүндө өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү" тууралуу 2017-жылдын 16-февралындагы № 197/1 буйругу күчүн жоготту деп табылсын.
10. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Н. Джусупбековага жүктөлсүн.

**О проведении итоговой государственной аттестации в форме стандартизированных тестов по образовательным программам среднего общего образования «Алтын тамга»**

В целях проведения итоговой государственной аттестации в форме стандартизированных тестов по образовательным программам среднего общего образования «Алтын тамга» **приказываю:**

1. Утвердить Положение о проведении итоговой государственной аттестации в форме стандартизированных тестов по образовательным программам среднего общего образования «Алтын тамга», состав Республиканской методической комиссии, смету расходов на проведение тестирования и форму для формирования списка претендентов согласно приложениям 1, 2, 3, 4.
2. Национальному центру тестирования провести тестирование выпускников XI класса, претендентов на получение аттестата с отличием «Алтын тамга» по предметам: родной язык и литература – (кыргызский язык и литература, русский язык и литература, узбекский язык и литература), алгебра и началам анализа, история Кыргызстана, химия, государственный (кыргызский) и официальный (русский) языки.
3. Единым днем проведения тестирования по республике определить 18 мая 2018 года.

4. Объявить 17 мая 2018 года днем подготовки в пунктах проведения тестирования общеобразовательных организаций соответствующих городов и регионов республики.
5. Руководителям Управления образования мэрии г. Бишкек, Ошского городского управления образования, районных/городских отделов образования и общеобразовательных организаций всех типов и форм собственности.

- Направить списки претендентов XI класса в Национальный центр тестирования в срок до 14 мая 2018 года в электронном виде e-mail: office@ntc.kg согласно приложению 4.
- Определить и согласовать с Национальным центром тестирования пункты проведения тестирования. В пунктах проведения тестирования выделить 1 или 2 аудитории вместимостью от 50 до 80 человек (актовый зал, спортзал, столовая или рекреация), подготовить для претендентов посадочные места на каждого учащегося отдельно (контактные телефоны 0(312) 66-22-63, 66 46 05).
- Обеспечить противопожарную безопасность и санитарно-гигиенические условия в установленном порядке.
- Создать в период проведения тестирования соответствующие условия для обеспечения безопасности жизни и здоровья претендентов: дежурство медицинского работника в медицинском пункте, не менее 2 представителей из службы безопасности.
- Возложить персональную ответственность за организацию пребывания, питания в период тестирования, обеспечение транспортных средств и доставку претендентов до места назначения и обратно.
- Довести до сведения каждого претендента 2017-2018 учебного года и его родителей (законных представителей) Положение о тестировании отличников на получение аттестата о среднем общем образовании с отличием «Алтын тамга». В общеобразовательных организациях оформить стенды о порядке проведения тестирования.
- В срок до 23 мая 2018 года обеспечить оперативную работу по направлению списков претендентов, обратившихся с апелляцией (ФИО выпускника и его регистрационный номер) в техническую апелляционную комиссию Министерства образования и науки Кыргызской Республики по fax: 0312 66 37 52 или e-mail: office@ntc.kg.

6. Управлению бюджетной политики и финансового анализа (М.Баймурзаев), отделу бухгалтерского учета и отчетности (Б.Мураталиева) обеспечить финансирование расходов на проведение тестирования «Алтын тамга» в соответствии с утвержденной сметой расходов.

7. Управлению дошкольного, школьного и внешкольного образования (М.Усеналиев) и Национальному центру тестирования (А.Бакиров) результаты тестирования претендентов довести до сведения районных и городских органов образования в пятидневный срок со дня даты проведения тестирования.
8. Газете «Кутбилим» (К. Чекиров) опубликовать настоящий приказ и приложения.
9. Признать утратившими силу приказ Министерства образования и науки Кыргызской Республики от 16 февраля 2017 года N 197/1 "Об утверждении Положения о проведении итоговой государственной аттестации в форме стандартизированных тестов по образовательным программам среднего общего образования «Алтын тамга».
10. Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Н. Джусупбековой.

**Министр** **Г. К. Кудайбердиева**

Копия верна

КАНЦЕЛЯРИЯ

02 05 2018 г

Исполнители:
Жамакеева З.Э., Умралиева С.К.
0312662263, 0312660508